# Жеңиштин 60 жылдыгы атындагы Петропавловка жалпы билим берүү орто мектебинин 2022-2023-окуу жылынын жалпы ата-энелер жыйналышына карата жазылган

## Протоколу № 1

Жыйналыштын датасы: 13.09.2022 Башталды: 14:00

Жыйналыштын темасы: «Окуучунун өсүүсүнө ата-эне менен мектептин тийгизген таасири».

Жыйналыштын максаты:

Жыл жыйынтыгынын отчетун берүү. Жаны окуу жылындагы пландар, милдеттер менен бөлүшүү ж. б. ар кандай маселелер (телефон, форма, зордук-зомбулук, суицид, башталгыч класстардын тамактануусу).

Кун тартиби:

1. Жыл жыйынтыгынын отчетун берүү.
2. Жаны окуу жылындагы пландар, милдеттер менен бөлүшүү.
3. Жана башка ар кандай маселелер (телефон, форма, зордук-зомбулук, суицид, башталгыч класстардын тамактануусу).

Жыйналышка катышкандар:

1. Петропавловка айыл өкмөтүнүн айыл башчысы
2. Петропавловка айыл өкмөтүнүн социалдык иштер боюнча башкы адиси Ивженко С. Н.
3. ИДН кызматкери Алымбеков А. А.
4. Мектеп директору Осконбаева Н. К.
5. Окуу бөлүмүнүн башчысы Момунова Ч. Т.
6. Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Иманов Ж. Ж.
7. Мектептин соцпедагогу Сакы кызы Аида
8. Мугалимдер жамааты
9. Ата-энелер.

Мектептин тарбия завучу жыйналыштын максаты менен келген ата-энелерди тааныштырып жыйналыш башталды. Кийинки сез мектеп директоруна берилди.

Мектеп директоруОсконбаева Н. К.:

Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер, бүгүнкү жыйналыштын коноктору. Бүгүнкү жыйналышыбыздын максаты өткөн 2021-2022-окуу жылынын отчетун берүү, быйылкы окуу жылдын пландары менен тааныштыруу. Азыркы сөздү келген конокторубузга берели.

Петропавловка айыл өкмөтүнүн айыл башчысы Абдиев Б. К. сөзү:
Саламатсыздарбы. Биз балдардын келечегине кабатыр алып, балдардын келечегине коркунуч алып келген зордук-зомбулук, суицид, рекетчилик боюнча ар бир мектепке жыйын өткөрүп жатабыз. Бул нерсе баарыбызга коркунуч алып келип жатат. Ата-энелердин жардамы керек, балдар силердики, мектеп билим, тарбия берет. Баарыңыздарды жаңы окуу жылынын башталышы менен куттуктайм.

Петропавловка айыл өкмөтүнүн социалдьж иштер боюнча башкы адиси Ивженко С. Н. сөзү:
Саламатсыздарбы. Азыркы убакта Кемин Районунун мектептеринде жыйындар өтүлүп жатат. Биздин биринчи маселе уюлдук телефон. Бизге келген приказдын негизинде, балдар уюлдук телефонду чектелүү түрдө колдонушу керек. Мектепте сабак учурунда балдар телфонду пайдаланбайт. Сабактан чыкканда уруксат. Балдардын ашыкча уюлдук телефон колдонушун көзөмөлгө алыныздар. Соц тармактардагы керексиз маалыматтарды балдар альш жатышат, бул нерселер балдарга терс таасир берет.

Балдардын укугун коргоо боюнча, зордук-зомбулук көрсөтүлбөшү керек балага.

Жараандык милдетибизди аткарышыбыз керек, мындай көрүнүштөрдү көрүп калсаңыздар билдириңиздер, кайдыгер болбойлу. Былтыр ар бир мектепте энелер мектеби ачылган. Энелер мектеби менен иштешели, коомчулукту чогу тарбиялайлы. Жакшы коомду тарбиялап чыгыш сиздердин колуңуздарда. Суроолоруңуздар болсо бериңиздер, же болбосо кат түрүндө кайрылсаныздар болот.

Балдарды зордук-зомбулуктан сактайлы. Мигранттардын балдарын мойнуна алып калган тууганы, чон-ата, чон-апасы ж.б. конул буруңуздар балдарга. Суроолоруңуздар болсо кат турунде кайрылсаңыздар болот.

Петропавловка айылында туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок балдар жок. Күбөлүк боюнча проблемалар болсо кайрылыңыздар.

ИДН кызматкери Алымбеков А. А. сөзү:

Балдарга катуу көзөмөл кылыңыздар, көңүл буруңуздар. Ата-энелер балдарыңарды карагыла. Жол кырсыктары коп катгалып жатат, балдарды жолдо жүрүү эрежелери менен тааныштыргыла. Алдамчылык көп болуп жатат. Ар кандай сайттардан телефон же баалуу бир белек утуп алдыңыз деп алдап акча салдырып жатышат андайларга ишенбеңиздер. Жоготуп койгон акчанызга биз жардам бере албайбыз. Ишенбеңиздер мындай нерселерге. Кечкисин балдарды көчөгө чыгарбаңыздар, өспүрүм балдардын кечкисин көчөдө, магазин, кафе, клубдарда жүрүүсүнө тыйуу салынат. Суроолор болсо байланышыңыздар.

Петропавловка, Ново-Николаевка, Полтавка – Зордук-зомбулук кошуна арасында болсо көрүп калсаңыздар чалыңыздар.

Мектептерде рекетчилик боюнча фактыларды көрүп калсаңыздар билдириңиздер. Мыйзам чегинде тергөө бөлүмгө кетет. Эсиңиздерде болсун: Арыз менен кайрылгыла!

Окуу иштери боюнча директордун орун басары Момунова Ч. Т. сөзү:

Саламатсыздарбы. Быйыл биз электрондук күндөлүк менен иштейбиз, ата-энелер өзүңүздөр да көзөмөл кылып карап туруңуздар. Ар бириниздерде жеке логин, паролдоруңуздар бар. Мектепке балдар телефон менен келишпесин, мектепте колдонулбайт. Окуучуларды керектүү окуу куралдары менен камсыз кылыңыздар. Балдарды окуусуна үйдөн көп көнүл буруңуздар. Мектептеги 45 минутта мугалим баарына жетишпейт, алып кеткен бала алып кетет калганы калат, ошондуктан үйдөн да көзөмөл кылыңыздар. Класс жетекчилер менен тыгыз байланышта иштешкиле. Сабактар 8:00 дө башталып жатат, уктап калып кеч келип жатышат кээ бир балдар. Мектепке убагында жөнөтүңүздөр. Биздин милдет айтышыбыз керек, бала үйдө эмнени көрсө ошону кылат. Биргеликте иштешели.

Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Иманов Ж. Ж.:

Өткөн 2021-2022-жылга тарбия иштери боюнча пландар бекитилип, иштер альш барылды. Планда көрсөтүлгөн жана Жайыл райондук билим берүү бөлүмүнөн келген буйруктун негизинде жыл бою ар кандай иш чаралар алынып барылды. Райондук кароо сынактарга катышып, өз таланттарын көрсөткөн окуучуларыбыз менен сыймыктанабыз.

Башталгыч класстарга түзүлгөн меню боюнча тамак берилип турду. Райондон бөлүнгөн акча каражаты жетпегендиктен кошумча ата-энелердин макулдашуусу менен ар бир балага бир күнгө 10 сомдон кошумча чогултулду. 1 - куну каша, уч кун ысык тамак, 5-кун булочка берилди. Ата-энелерден Токторова Гулбара чогултуп, продукты алып келип берип турду.

Мектептин китепканчысы Адилбек кызы А. сөзү:

Өткөн жылда жалпысынан алганда 1-класс 50% китеп менен камсыз болушту, жетпеген китептерди ата-энелер алып беришти. 2-класс 70% китеп менен камсыз болушуп, жетпеген китептер ата-энелер тарбынан алынып берилди. 3-класс 60 % китеп менен камсыз болушту, жетпеген китептерди ата-энелер алып беришти. 4-класс 91 % китеп менен камсыз болушту. 5-класс $98^0/0$, 6-класс 83%, 7-класс 67%, 8-класс 82%, 9класс 76%, 10класс 50%, 11-класс 100% ти түздү. Жалпысынан мектеп боюнча окуучулар 78% окуу китептери менен камсыз болушту.

Мектеп директору Осконбаева Н. К. сөзү:

Мектептин билим берүү системасынын өнүгүшүнүн стратегиялык максаты чыгармачыл, эркин, социалдык жана кесиптик жактан компетенттүү, өзүнө жана айлана чөйрөсүнө түз көз караштa карап гармонияда жашай алган «эмгекчил», «үй бүлөчүл» «жаран» миссияларын аткара алган ар тараптан өнүккөн компетенттүү инсанды тарбиялоо үчүн шарттарды түзүү болуп саналат.

Петропавловка айылынын айыл башчысы Абдиев Б. К.:

Мугалимдерге таазим, ишиңиздерге ийгилик каалайбыз.

Ата-эне сөзү:

Каалaрым сиздерге чың ден соолук, ишиңерге ийгилик. Колубуздан келишинче жардам беребиз. Китеп менен камсыздайбыз.

Сунуш:

I .Ата-энелер окуучуларды уюлдук телефонду мектепке алып келбөөсүн, жана жүрүм-турумун көзөмөлдөшсүн.

2. Окуучулар мектеп талабына ылайык форма менен келишсин.

3. ИДН кызматкерлери мектеп менен тыгыз байланышта иш жүргүзүшсүн.

Мектеп директору: Осконбаева Н. К.

Маалымдама жазган: Мусагулова М. А .